**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

**К Е Л И Ш И М** 172

Ош шаары "06" 04 2023ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, **профессор Г. К. Кожобеков** мындан ары "ОшМУ", жана Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору **Паизов Азамат Мамазакирович**, ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Факультеттеги магистранттарды жана студенттерди кесипке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

**2. "Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Физика-техника факультетинин Энергетика кафедрасындагы 640200-Электроэнергетика жана электротехника багытынын "Электр менен камсыздоо" профилинин магистраттарын жана студенттерин практикадан өтүүсүнө мүмкүндүк берет;

2.2. Магистранттар жана студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык магистранттарга жана студенттерге керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Магистранттарга жана студенттерге өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практиканттарды жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. Эгерде магистрант же студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы укуктук ченем

актыларын коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу - таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир магистрантка жана студентке аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш магистранттардын жана студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2023 - жылдын 24.03 2028-жылдын 24.03 айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

Тараптардын дареги

| | |
|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | **Жалал-Абад ЭТИ (ПЭС)** |
| 723500 Ош шаары | Жалал-Абад ш. Ленин көч 159[а] |
| Ленин көч.331 | ИНН 42408202210431 |
| ИНН 0207199610017 | р/с 1290293130426625 |
| | БИК 129029 |
| **ОшМУнун ректору** | |
| **профессор К.Г. Кожобеков** | **директору Паизов Азамат Мамазакирович** |
| ______________________ | ______________________ |